| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТҮП РАЙОНУ<br>КАРКЫРА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТЮПСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>КАРКЫРА |
|---|---|---|

Каркыра айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын 6- сессиясы

# ТОКТОМ

**19-февраль 2025 ж № 34 Талды-Суу айылы.**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча Аймактык бөлүмүнүн 04.02.2025 ж. № 01-11/39 сунуш катына ылайык 2025-жылдын 19-февралында айылдык кеңештин кезексиз 6-сессиясына боло тургандыгы белгиленип жана айыл өкмөтүнө кабарланган. 2025-жылдын 14-февралынан 22-февралына чейин Каркыра айыл өкмөтүнүн эсеп-кысап бөлүмүнүн башчысы А.Д.Кадырбаева кызмат ордунда болбогондугу жана сессиянын жүрүшүндө сессияга катышпагандыгынан улам жана сессиянын күн тартибиндеги каралып жаткан маселеге ылайык, эсептөө палатасынын аудитинин отчету боюнча маалыматты айылдык кеңешке бербегендиктен Каркыра айылдык кеңешинин **токтом кылат:**

1.Каркыра айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Д.Кадырбаеванын 2025-жылдын 14-февралынан 22-февралына чейин кызмат ордунда болбогондугун жана ушул жылдын 19-февралында болуп өткөн айылдык кеңештин сессиясына чакыртылгандыгына карабай, сессияга катышпагандыгынан улам жана тиешелүү материалдарды айылдык кеңешке бербегендиктен Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексине жана Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө”, “ Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамдарынын негизинде айыл өкмөтүнүн эсеп-кысап бөлүмүнүн башчысы А.Д. Кадырбаеванын иш аракеттери боюнча кызматтык териштирүү жүргүзүү үчүн Каркыра айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Т.Черикбаевге милдеттендирилсин.

2.Каркыра айыл өкмөтүнүн эсеп-кысап бөлүмүнүн башчысы А.Д.Кадырбаева боюнча кызматтык териштирүүнүн жыйынтыктары боюнча маалыматты, маалыматка тиркелген документтерди ( иш сапары жөнүндө буйрук же оорулуу боюнча маалым каттар ж.б.) Каркыра айылдык кеңешине 10 күндүк мөөнөттөн кечиктирилбестен берүү жагы Каркыра айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин Регламент, мыйзамдуулук, укук тартиби жана Этика боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага Абдылда у.Т.**